«Макулдашылды»
ООБ.башчысы
Малабекова Ч.С

«Бекитемин»
Байдылда Маленов орто
мектебинин мудуру
Сманалиева Ж.С

**Байдылда Маленов атындагы орто мектеби.**

**Окуучулардын портфолиосу жөнүндө жобо**

**1.Жалпы жоболор**

1.1.Жобо мектептин Уставы,Методикалык бирикмелердин жыйынындагы сунуштоолордун негизинде түзүлгөн.

1.2.Портфолио-баа берүүнүн заманбап натыйжалуу формасы гана эмес, аны менен бирге төмөнкүлөргө мүмкүндүк берүүчү бир катар маанилүү педагогикалык милдеттерди чечүү үчүн таасирдүү каражат:

•окуучулардын жогорку окуу мотивациясын колдоо;

•алардын ишин жана өз алдынчалыгын сыйлоо:

•окутуу жана өз алдынча окутуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү;

• окуучулардын баалоо (анын ичинде өзүн-өзү баалоо) ишинин көндүмдөрүн өнүктүрүү;

• окутууну калыптандыруу жөндөмдүүлүгү:

•максаттарды коюу, пландоо жана өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу.

1.3.Портфолионун технологиясын колдонууда, жеке жетишкендиктеринин портфелин түзүү мугалимдик эмес, балдардыкы керек экендигин эске алуу керек. Башталгыч мектепте портфолио окутуу мүнөзүндө жана окуучулардын текшерип-баалоо өз алдынчалыгын калыптандыруу үчүн багытталган.

**2. Портфолионун типтери:**

2.1.Портфолионун биринчи тиби-окуу жетишкендиктеринин портфолиосу үч бөлүмдөн турат:

1. Документтер портфолиосуна документтештирилген жеке илимий жетишкендиктер-олимпиадаларга,конкурстарга жана башка иш-чараларга катышкандыгы тууралуу документтер:грамоталар,дипломдор,сертификаттар,күбөлүктөр,аттестат кирет.

Иштер портфолиосу-бул окуучунун чыгармачыл,изилдөө жана долбоорлоо иштеринин топтому,анын окуу жана чыгармачылык активдүүлүгүнүн негизги формасы менен багыттарынын сүрөттөлүшү. Иштер портфолиосу чыгармачылык китепче катары ошол иштердин тиркемелери менен толтурулат.

Баа берүүлөр портфолиосу-бул мугалимдер,ата-энелер тарабынан мектеп окуучусунун ишмердигинин ар башка түрлөрүнө карата мамилесине берилген мүнөздөмөлөр,ошондой эле өз ишмердигине жана анын натыйжаларына карата мектеп окуусунун мамилесин чагылдырган жазуу жүзүндөгү анализи.Портфолионун бул бөлүгү окуучунун өзүн-өзү баалоо механизмдерин ишке тартуу мүмкүнчүлүгүн берет,бул болсо окутуу жана профилдик багытты тандоо менен байланышкан процесстерди түшүнүү деңгээлин жогорулатат.

2.Экинчи тип-рефлексивдик портфолио,сандык дагы,сапаттык дагы планда окуучунун инсандык өнүгүүсүнүн динамикасын ачып,анын ишмердигинин натыйжалуулугуна көзөмөл жүргүзөт. Бул папкага белгилүү бир мөөнөттө аткарылгандын баары мисалы жол ичиндеги окуучунун бардык текшерүү жана чыгармачыл иштери дил баяндар,жат жазуулар , эсселер ,сүрөттөр,майда-чүйдө нерселер,зачёттук иштер видеокассеталар.медициналык жана психологиялык текшерүү жыйынтыктары топтолот.

3.Портфолионун үчүнчү тиби-проблемалык-изилдөөчүлүк,реферат,илимий иш жазууга,конференцияда чыгып сүйлөөгө даярдык менен байланышкан.Ал белгилүү рубрикалар боюнча материалдар топтому болуп эсептелет.

Мисалы: рефераттын,докладдын,макаланын аталыш варианттары ,

- окуп-үйрөнүлүүчү адабияттар тизмеси,
- микротемалар,проблемалык аймактар,изилдөө планы,
- дискуссиялык көз караштар,
- фактылар,цифралар,статистика,
- цитаталар,афоризмдер,
- башка предметтик аймактар менен интеграция,
- изилдөөлөрдүн жыйынтыктары ,
- изилдөө жыйынтыктары боюнча тыянактар,
- изилдөө ыкмалары,
- божомолдор жана перспективалар.

Портфолио бул :

- жазып каттоо,үйрөнүүчүнүн жеке жетишкендиктерин чогултуу,баалоо ыкмасы;
- окуучулардын натыйжаларын жана иштерин коллекциалоо;
- системалуу,атайын уюштурулган билим,көндүм,мамилелер,андан да кененирээк-компетенцияларды мониторинг жасоодо колдонулуучу далилдерди жыйноо;
- көп түрдүү маалыматты камтыган,жумушка жардамчы болуучу файлдык папка,окутуу субъектисинин топтогон тажрыйбасын ,жетишкендиктерин көрсөтөт,башкалардан бөтөнчө иштер көргөзмөсү десе да болот жана анын милдети болуп өзүнүн салыштырмалуу өсүүсүнө көз салуу, окутуу процесси жөнүндө отчёт башкача айтканда окуучулар эмнени билишти,окутуу процесси кандай жүрдү,ал кантип ойлонот,анализдейт,түзөт интеллектуалдык,эмоционалдык,социалдык деңгээлдерде бирге аракеттенишет.

Кайсы портфолио болбосун өз түзүмүнө жана маалыматты  жыйноо жана  уюштуруу механизмдерине ээ.

Портфолио-бул негизинен өз  мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүүгө  багытталган иштер  топтому.